Изденүүчү Зулпуев Ашим Зулпуевичтин **”Жогорку окуу жайларында ”Манас таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери”** *деп аталган 13 00.02–окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына* ***расмий***

**п и к и р.**

Диссертациялык иш М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Кыргыз жана орус тилдери» кафедрасында жазылып даярдалган.

**Илимий изилдөө:** Киришүүдөн, 4 баптан, жыйынтыктан, практикалык сунуштардан турат.

***1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.***

Учурдун талабына ылайык коомдук жаңылануудa билим берүү системасын реформалоо бүгүнкү күндүн талабына айланып, аны жүзөгө ашыруу маселеси өз масштабын кеңейтүүдө. Албетте, бул өңүттөн караганда Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептерден тартып профессионалдык жогорку билим берүүчү жогорку мектепке чейин элдин байыртадан келе жаткан каада-салтын чагылдырган чыгармаларды активдүү үйрөтүү процесси заман талабы катары улуттук кыртышка кайрадан кайтууну талап кылып отурат. Анткени ал — улуу кыргыз элинин элдик оозеки адабияты чагылдырган каада-салтыбыз менен үрп-адаттарыбыз, көөнө асыл баалуулуктарыбыз менен бүгүнкү күнү улуттук реформаларды жасоого, аны андан ары өнүктүрүүгө түздөн түз өбөлгө боло тургандыгы айныгыс чындык экендигин кыргыз маданиятынын көөнөрбөс үлгүсү, элдик оозеки чыгармачылыктын туу чокусу- Манас” эпосу аркылуу далилдөөгө туура келүүдө.

Дегенибиз “Манас” эпосу ар бир кыргыз жараны үчүн ата-бабалардан калган табылгыс маданий мурас катары анын ички дасмиясында кылым карыткан улуу элдин, этнос катары турмуш тиричилиги, жашоо мыйзамы, тили менен дили, жан дүйнөсү менен психологиясы, этнопедагогикасы, эркиндик менен көз карандылык үчүн жүргүзгөн күрөшү жана жеңиши, сүйүнүчү менен трагедиясы, тарыхы жогорку деңгээлде көркөм чагылдырылган уникалдуу мурас болуп эсептелинет.

Бирок, Улуу эпосту мектепте жана жогорку окуу жайларында окутуу иштери соңку жылдары бир аз системага салынган менен ал жетишсиз. Анткени, токсонунчу жылдардын экинчи жарымында бир аз кандидаттык диссертациялар жазылып, республикалык илимий журналдардын

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 115 «14» 02 2012 ж/г

беттеринде эпосту окутуу боюнча бир нече илимий-методикалык макалалар жарык көргөндүгү белгилүү.

Кийинчерээк доктордук иштер корголду. Бирок, ”Манас таануу” деген жалпы аталыштагы курс, республиканын жогорку окуу жайларына өзүнчө дисциплина катары киргизилгенине ондогон жыл болгонуна карабастан, аны студенттерге үйрөтүүнүн мазмуну менен, формаларын, каражаттарын системалаштырган бир дагы эмгектин жоктугу, илимий-методикалык жактан статусу негизделе электиги, аталган курсту окутуунун адабий-теориялык, педагогикалык-дидактикалык жана методикалык жактан жабдылышы жогорку окуу жайларында толук кандуу каралбагандыгы аталган эмгекти изилдөөнүн актуалдуулугун жараткан.

***2. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгү.***

Диссертациядагы теориялык–илимий ой пикирлердин аныктап, такталгандыгы:

Теориялык пикирлерди далилдөөдө модель сабактардын мисал катары келтирилгендиги;

Билимди угуп алганга караганда өз ара кызматташуу аркылуу канчалык жугумдуулугун далилдеген интерактивдүү сабактар эпостон алынган көркөм аргументтер аркылуу далилдүү натыйжалар менен тереңдетилип анализдегендиги.

“Манас таануу” сабагын ЖОЖдордо окутууда аталган илимий иш теориялык, практикалык жактан негиз болуу менен бирге педагогика илиминде окутуунун теориясына жана тарбиясына багыт болуп бере ала тургандыгы.

***3. Диссертациянын илимий жаңылыгы.***

1. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында ”Манас таануу” курсун окуу дисциплинасы катары теориялык жана методикалык жактан алгачкы ирет негизделгендигинде;

2.Аталган курстун максат-милдеттери, мазмуну, окутуу формалары менен каражаттары илимий-методикалык жактан алгачкы жолу такталгандыгында;

3.ЖОЖдордо ”Манас таануу” курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясы иштелип чыгуу менен аны окутуунун адабий-теориялык, дидактикалык жана методикалык принциптеринин, ыкмаларынын, методдорунун, формаларынын жана каражаттарынын аныкталгандыгында;

4. ”Манас таануу” курсу боюнча иштелип чыккан технологияны турмушка ашыруу жана аны окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясынын иштелип чыгылгандыгына;

5.”Манас” таануу курсун окутууга арналган иш-чаралардын алгачкы ирет Республиканын ЖОЖдорунда практикалагандыгында.

***4. Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын практикалык баалуулугу.***

- Окутуунун теориясы жана методикасы боюнча педагогика илиминдеги илимий изилдөөлөргө багыт болот;
- Студенттер, окутуучулар үчүн атайын илимий иштерине жана окуу жараяндарында пайдаланууга зарылдыгы бар;

Изилдөөнүн натыйжасында келип чыккан илимий–теориялык тажырыйба, натыйжа, далил жыйынтыктарды жогорку окуу жайларыбыздын өзгөчөлүгүнө байланыштуу күнүмдүк окуу–тарбиялык процесстерде колдонууга мүмкүнчүлүктүн кенендиги.

***5. Диссертациялык иштен алынган натыйжалары:***

***Биринчи натыйжа.*** ”Манас таануу” курсунун мазмуну, аны окутуунун теориялык маселелери, курстун структурасы көрсөтүлгөндүгү.

***Экинчи натыйжа.*** Жогорку окуу жайларында ”Манас таануу” курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери изилдөөгө алынгандыгы.

***Үчүнчү натыйжа,*** ”Манас таануу” курсун окутууну заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы иштелип чыккандыгы.

***Төртүнчү натыйжа.*** ”Манас таануу” курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы тастыкталгандыгы.

***6. Диссертациянын адистиги.***

Илимий–теориялык–тажырыйбалык анализдердин жыйынтыктарына таянуу менен **Зулпуев Ашим Зулпуевичтин “Жогорку окуу жайларында ”Манас” таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери”** деп аталган 13.00.02–«окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы

13 00.02–адистигине туура келет.

*7.* **Диссертациянын негизги жыйынтыктары** 27 илимий эмгектеринде чагылдырылып, алар авторефераттын мазмунунда да толук камтылган.

***8. Диссертациялык иш боюнча сын пикир, сунуштар:***

1. Эпосту окутууда окутуунун жаңы технологиялары көбүрөөк колдонулганда студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун мүмкүнчүлүктөрү дагы да тереңдемек.

2. Изилдөөдө боордош элдердин методикалык изилдөөлөрү өтө сейрек колдонулган.

3. Диссертациялык иште айрым техникалык каталар кездешет.

***9. Жалпы тыянак.***

Жогоруда көрсөтүлгөн сунуш, калоолор илимий изилдөөнүн жалпы баасын төмөндөтпөйт. **Зулпуев Ашим Зулпуевичтин** диссертациялык ишин педагогика анын ичинде окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адиситигинде өз орду бар, педагогикага негиздүү салым кошкон эмгек катары баалоого болот. Маңыз-мазмуну, формасы, илимий-техникалык сапаты жагынан изденүүчүнүн **”Жогорку окуу жайларында ”Манас” таануу” курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери”** деген диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияга коюлган бардык талаптарына жооп берет. **Зулпуев Ашим Зулпуевич** 13 00.02–«окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы » адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу

***Диссертацияга пикир расмий оппонент***

***Педагогика илимдеринин доктору, доцент*** ***Үкүева Бүшарипа Кожояровна тарабынан берилди***

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
20*22* ж. «*11*» *02*
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

*Дата поступления отзыва в ДС 13.20.623 14.02.2022 г.*
*Уч. секр. ДС Сагурбаева Д.К.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ